НАУКА И НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ, 2009, № 7

*Карабаева С.Ж.*

# КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ ИНФОРМАТИКА ТЕРМИНДЕРИНИН ЖАСАЛЫШ ЖАНА КАЛЫПТАНЫШ МАСЕЛЕЛЕРИ

*Карабаева С.Ж.*

# ВОПРОСЫ ФОРМИРОВАНИЯ И ОСНОВАНИЯ ТЕРМИНОВ ИНФОРМАТИКИ В КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКЕ

*Karabaeva S.Zh.*

# QUESTIONS OF FORMATION AND FOUNDATION OF INFORMATION TERMS IN KYRGYZ LANGUAGE

*УДК: 809.434.1: 004.9*

*Бул макала компьютер илиминин терминдеринин жасалыш, калыптаныш маселелери каралган.*

*This article is devoted for the questions formation and foundation of terms in computer science.*

Терминологиянын өнүгүү проблемалары адам баласынын ар тармактагы билимине мүнөздүү. Азыркы термин таануу да (терминоведенияда) терминдин маңызын аныктоодо жана терминди түзүү процесстери негизги проблемалардан болуп саналат. Алигиче, термин куруу жана термин колдонуу чөйрөбүздө терминдерге так аныктама берүү, терминдердин теориясында бири-бирине карама-каршы келбеген, жана аны түзүү же кабыл алуу лексикографиялык методикасында жана алардын информациялык талдоосуна бирдиктүү катуу талап коюлбай келет. Кээ бир сөздүктөрдө эл аралык терминдер. (Мисалы, «система» - «системи» «информация» - «маалымат», «мышка» - «чычкан», «сайт» - «орун», «сеть» - «желе», «тор» ж.б.у.с.) өзгөчө информатикада көп терминдер ар башкача атоолор менен берилип келет. Ошондуктан илимий-информациялык жана коомдук-саясий терминологияда, эл аралык терминдерде гана өздөштүрүүгө көбүрөөк басым жасалат.

Экономикалык глобализация жана маалымат каражаттарынын техникалык мүмкүнчүлүктөрүнүн кеңири шартында, тилдик көзкарандысыздыкка умтулушубуз керекпи же азыркы дүйнөлүк глобализациялоо процессин, бардык тилдеги илимий – техникалык, коомдук – саясий терминологияны толук эле түрдө кабыл алышыбыз керекпи?

Мына ушундай суроолор көпчүлүк окумуштуулардын көңүлүн буруууда.

Республикада информатиканы үйрөтүүнүн бирдиктүү концепциясынын толук иштелип чыга электигинен анын ичинде кыргыз тилинде нукура информатикалык терминдердин жокко эселигинен ар бир авторго өз алдынча терминдерди өз билгениндей маанисине жараша которо берүүгө мажбурлоодо.

Компьютердик информатика жана анын терминдик системасы (терминосистема) белгилүү болгондой XX кылымдын экинчи жарымында негизделген, бирок анын көптөгөн тамыры миңдеген жылга чейинки убакытты камтыйт.

Кийинки жылдарда тилдик материалдардын тыбыштык, лексикалык, грамматикалык бирдиктерди же кубулуштарды эсептегич электрондук техниканын жардамы (мисалы, компьютер ж.б.) менен иштетип, белгилүү критерийлер менен алар жөнүндө сандык, сапаттык, функционалдык малымат алуу жана жыйноо, теориялык жана прикладдык мүнөздөгү маанилүү системдүү жыйынтыктарга келүүгө шарт түзүп жатат. Чоң көлөмдүү текстерди иштетип, сөздүк түзүү, филологиялык талдоо сыяктуу көп убакытта жана көп адистерди талап кылуучу иштер компьютер аркылуу жаңы алгоритмдерди, прикладдык программаларды колдонуу менен бир топ тез, так жана негиздүү аткарылууда. Ал үчүн дүйнөнүн ар түрдүү өлкөлөрүндө түрдүү эсептегич техника жана ыкмалар тынымсыз өнүктүрүлүп келүүдө. Мындай иштер көптөгөн жылдарды камтыса да, XIX кылымдан тартып системалуу жүргүзүлө баштады [У.Д.Уинтни, 1874; Б.Бурдин, 1892; Дж.К.Цинор, 1929 ж.б.] Алардын арасында индиялык илимпоз Ш.В.Бхагватты белгилеп койсок болот. Ал 100 миң сөздүн ичинен 553860 фонемдик морфемалардагы, тыбыштык айкалышууларды талдоого так статисти-касын берген. Кийинчерээк, бул ыкманы индустан-дагы башка тилдердин мисалдарында колдонгон.

Мындай иш практикалык гана максатты көздөбөстөн теориялык (типологиялык) маанилүү жыйынтыктарга алып келген.

Экинчи дүйнөлүк согуштун алдында жана андан кийин, математикалык, статистикалык ыкмалар тилдик маселелерди изилдөөгө кеңири тарай баштаган [10].

Бирок өзгөчө көлөмдөгү тилдик материалдарды талдоо жана иштетүү, күчүү компьютерлерди колдонуу менен XX кылымдын экинчи жарымынан кийин гана ишке ашууда.

Компьютердик информатиканын өзү XX кылымдын 70-жылдарында гана калыптанды десек жаңылышпайбыз. Анын терминалогиялык маселелери, предметти аныктоодо жана информатиканын

келечектүү маселерин чечүүдө, анын аппараттарын түзүүдө жана ушундай изилдөө иштеринин процессинде чечилет.

Информатиканын терминологиялык калыптанышы кибернетика илиминин өнүгүшүнүн негизинде келип чыкты десек болот. Анткени дүйнөлүк илимий изилдөөлөрдө англис тилдүү колдонуучулар «Computer Science» (компьютер илими) – деп кабыл алышкан. Азыркы мезгилге чейин Америка Кошмо Штатында, Канадада көптөгөн батыш жана Латын-Америка өлкөлөрдөгү илимий түшүнүктөрдө ал «компьютердик илим» деп пайдаланып келе жатышат. Азыркы учурда информатика фундаменталдык илимдердин бир багыты катары калыптанууда. Информатика илиминин кибернетика илиминен бөлүнүп, маалымат менен иштөө, компьютердин жардамы менен информациялар аркылуу ар түрдүү амалдарды аткаруу жана талдоолорду жүргүзөт. Анткени экинчи дүйнөлүк согуштан кийин бул илимдин негизинде жалпы башкаруу багытындагы илимдердин б.а. жаратылышта, биологияда, социологиядагы байланыштарды башкаруу жана иштетүү технологиялык процесстерине таасир эткен. Анын негизинде көптөгөн технологиялык иштер аткарылып, илимий анализдер, негиздөөлөр жана жыйынтыктар алынган.

Ал эми математика түшүнүгүнүн өнүгүү маңызы, адамзатынын алгачкы учурларында эле пайда болгон. XX кылымда, кээ бир уруулардын үстүнөн изилдөөлөрдү жүргүзүүдө кыйыр маалыматтардын негизинде, «чыныгы» жана «жок» болуп кеткен тилдердин өзгөчөлүгүн изилдөөдө, баарлашуу каражаты жана өткөн руханий маданияттын эстелиги гана болуп саналбастыгын, ошо менен бирге математика түшүнүгү адамзат пайда болгондо эле жаралгандыгын окумуштуулар белгилешет. Күнүмдүк чарбалык керектөөлөр элди саноо эрежеси эсепкысаптарды өздөштүрүү, аралыкты ченөө ж.б. эсептик (математикалык) түшүнүктөрдү кеңейтүүгө алып келген. Муну мисал катары, биздин руханий байлыгыбыз болгон «Манас» эпосунан да көрүүгө болот. Эпостун башында эле Манастын төрөлүшүнөн (мисалы, эки колун толтура, кан чеңгелдеп түшкөнү- деген саптарында) баштап эпостун аягына чейин көптөгөн сан атоочторду ошондой эле айлана, төгөрөк (тегерек), бурч, сан түшүнүктөрүн (мисалы, төгөрөктүн төрт бурчун, төрт айлана кыдырып) жолуктурууга болот.

Мындан төрт жүз жыл мурда улуу Галилео Галилей мындай деп айткан: «Философия аалам китебине мындайча жазылган, мында - мен айтат элем жаратылыш жөнүндө сөз. Аны ким түшүнөт, анын кайсы тилде жазылганын жана белгилерин билген адам гана окуй алат. Философия - математикалык тилде жазылган, а эми анын белгилери бул математиканын формуласы».

Демек, муну менен биз математика илими байыркы илимдерден десек жаңылышпайбыз. Математикасыз көптөгөн илимий жана техникалык жетишкендиктер болмок эмес десек да болот.

Мисалы, «түшүнүк» - бул ой жүгүртүүнүн (обьектилерди мүнөздөөчү) элементи болуп саналат. Ар кандай түшүнүктөр, текст же илимий билдирүүлөр белгилөөнүн негизинде гана жеткиликтүү болот. Мындай түшүнүктөрдүн аттары үчүн термин кызмат кылат.

Көптөгөн математикалык терминдер греко-латын тилинин негизинде (мисалы, *аксиома* грек сөзүнөн, axioma – «урмат», «сый»; *абсцисса*, латын сөзүнүн abscissa – «кесилген»; *интеграл* латын сөзүнөн «integer» - «бүтүн»; *дифференциал* латын сөзүнөн «differento» - «айырма» ж.б) негизделип берилген.

Көпчүлүк информатика жана эсептөө техникасынын терминдери англис тилинин негизинде келип чыккан жана чыгууда, буга АКШ- компьютер өнөржайынын дүркүрөп өнүгүшү, компьютердик техниканы өндүрүү жана иштеп чыгаруу боюнча дүйнөлүк лидерлерден болгондуктан, ошондой эле бул область боюнча көпчүлүк лидерлер англис тилин дүйнөлүк стандарт катары кабылдоосуна байланышат. Англис тилинен кыргыз тилине которунун аркасында мисалы, («*root*» англис сөзүнөн) «*тамыр*», («*mapping*» англис сөзүнөн) «*чагылдыруу*», («*mean line*» анг. сөзүнөн) «*орто сызык*» ж.б. терминдери пайда болду.

Информатика жана математика илимдеринде лексикалык өздөштүрүүлөр (интернационализимдер) кеңири колдонулат.

Кыргыз тилинде информатика боюнча терминдерди жасоо (өстүрүүнүн) жолдору:

- Кыргызча сөздөрдү жалпылоо. Мисалы, *discrete optimization* (латынчадан англисче) - *дискретная оптимизация* (орусча) - *иргөө*, *cursor* (англисче) - *курсор* (орусча) - *көрсөткүч*, ж.б.
- Башка тилдерде жалпыланган сөздөрдү кеңейтүү. Мисалы, *line – строка – сап*; *memory – память – эс*, ж.б.
- Түз которуу. Мисалы, *number – число – сан*; *line – прямая - сызык*; *straight line – прямая - түз сызык*; *curve – кривая – ийри сызык*; *space – пространство – мейкиндик*; *plane – плоскость - тегиздик,* ж.б.
- Кыргыз тилине жаңы терминдерди (башка тилде болбогон) өстүрүү. Мисалы, *предел* (чек эмес) – *удаалаштыктын предели*; *маус* (чычкан эмес) – *компьютердин маусу*, ж.б.
- Тамгалай (тикеден-тике) алуу. Мындай интернационализм терминдери башкача айтканда бир тилден бир тилге тамгалар боюнча которуу жолу менен түзүлөт. Мисалы, *axiota – аксиома* (орус., кырг.), *algorithm – алгоритм* (орус., кырг.), *file – файл* (орус., кырг.), *abscissa* (лат.) – *абсцисса* (орус., кырг.), *Internet – Интернет* (орус., кырг.), *byte –*

*байт* (орус., кырг.), *listing – листиг* - (орус.) - *листиң* (кырг.), *minimum* (лат.) – *минимум* (орус., кырг.), *parabola – парабола* (орус., кырг.), *symmetria* (греч.) – *симметрия* (орус., кырг.), *cifr* -(араб.) – *цифра* (орус., кырг.), *ellipsis* (греч.) – *эллипс* (орус., кырг.), *asymmetria* (греч.) – *асимметрия* (орус., кырг.), *lemma* (греч.)– *лемма* (орус., кырг.), ж.б.

- Толук термин жасоо. Кабыл алынып жаткан терминдердин структуралык схемасы толук сакталат. Анын сөз жасоочу форматтары (уңгу, мүчөлөр) толук которулат жана сакталат. Мисалы, *national university – улуттук университет*; *база данных - маалыматтар базасы; source –источник – булак; field – поле – талаа,* ж.б.
- Жарым жартылай которуу же толук эмес которуу. Мында терминдердин элементтеринин компоненттеринин баардыгы эле которулбайт. Мисалы, «*транзитивдүү*» терминини англис тилинен «*transitive*» деген уңгу сөзүнөн алынган жана кыргыз тилинин (***-луу, -лык***) мүчөлөрү улануу менен түзүлгөн терминдер. Мисалы, *монотондуу*, *арифметикалык, гиперболалык, сегменттик, тригонометриялык, дифференциалдык, интегралдык*, ж.б. Жарым-жартылай интернационализм терминдерине бир тилден бир тилге жарым-жартылай гана которулган терминдер кирет.

Илим менен техниканын өнүгүшү, коомдук, экономикалык, саясаттык жана илимий прогресс өзүнө таандык лексика-семантикалык бирдиктердин, терминдердин, маани-түшүнүктөрдүн пайда болушун шарттайт. Алар ар кандай учурда, шарттарда жүрүп, ар кандай тилдердин сөздүк корумуна ар кыл жагдайда өздөштүрүлүшү мүмкүн.

Мындай терминдердин кандай жол менен жасалгандыгын, алардын бир тилден экинчи тилге өткөндө туруктуу сакталган жана өзгөртүлгөн формалык белгилерин (каражаттарын), терминдин негизги маанисин сактап калууга жана анын толукталышындагы, аларды которуудагы калькалоодогу түзүлгөн конструкциялардагы өзгөчөлүктөрдү талдоо жана чечмелөө, морфологиялык, синтаксистик, элементтердин киришин талдоо жана айкындоо, сыпаттоо, тактоо б.а. терминдерди лексика-семантикалык жана структуралык-функционалдык жактан изилдөө азыркы учурдагы актуалдуу маселелерден.

**Адабияттар:**

1. Арапов М.В. Квантитативная лингвистика. – Москва: Наука, 1988. – 184 с.
2. Панков П.С., Орузбаева Б.Ө. Проект: компьютеризация государственного языка в Кыргызстане // Информационные и коммуникационные технологии для развития: Материалы Первого Национального Саммита. – Бишкек. 2001. - С. 156-159

**Рецензент: д. ф.-м. н., профессор Панков П.С.**